## I. Жалпы жоболор

**1.1** Жоробек Абдрасулов атындагы №1 жалпы орто билим берүүчү мектеби мекемесинин (мындан ары-мектеп) Уставы Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө», «Мугалимдин статусу жөнүндө» Мыйзамдарга ылайык жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 12-сентябрындагы «Жалпы билим берүүчү уюму жөнүндө» типтүү жобону бекитүү тууралуу № 541 токтомунун негизинде *(КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 2-октябрындагы № 544, 2014-жылдын 17-сентябры № 535, 2019-жылдын 17-июнундагы № 295, КР Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 11-августундагы № 121 токтомдорунун редакцияларына ылайык)* иштелип чыккан.

**1.2.** Мектеп өзүнүн ишинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, «Жалпы билим берүүчү уюму жөнүндө» Типтүү жобону жана ушул уставды жетекчиликке алат.

**1.3.** Мектептин уюштуруучусу: Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги.

**1.4. Юридикалык жактын толук фирмалык аталышы:**

Мамлекеттик тилде: Жоробек Абдрасулов атындагы №1 жалпы орто билим берүүчү мектеби мекемеси.

Расмий тилде: Учреждение средняя общеобразовательная школа №1 имени Жоробека Абдрасулова.

Юридикалык жактын кыскартылган фирмалык аталышы :

Мамлекеттик тилде: Ж. Абдрасулов атындагы №1 ЖОББМ м-и.

Расмий тилде: У-е СОШ №1 имени Ж. Абдрасулова.

**1.5 Юридикалык дареги:** индекси 723606, Ош облусу, Өзгөн району, Жазы айылдык аймагы, Кызыл-Дыйкан айылы, Исаков Ороз көчөсү, № 37.

**1.6.** Мектеп үзгүлтүксүз билим берүү системасынын негизги бөлүгү болуп саналып, мамлекет тарабынан кепилдик берилген милдеттүү жана акысыз жалпы башталгыч жана жалпы негизги билим алууну, ошондой эле акысыз жалпы орто билим алуу боюнча Кыргыз Республикасынын жарандарынын укугун ишке ашыруу үчүн шарттарды түзөт.

**1.7. Мектептин иши төмөнкү принциптерге негизделет.**

-республиканын бардык жарандарынын сапаттуу билим алуу укуктарына теңдиги;

- мамлекеттик билим стандарттарын так аткаруу;

-гумандуулук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарынын артыкчылыктары;

-жарандуулук жана патриоттук;

- билим берүү процессинин ырааттуулугу жана үзгүлтүксүздүгү;

-окутуунун динден тышкары мүнөзү;

-академиялык эркиндик жана ак ниеттик;

-жоопкерчиликтик жана натыйжалуулук;

-мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерде ар бир жаран башталгыч жалпы жана негизги билимди милдеттүү жана акысыз алуусу;

-акылуу кошумча билимдин жана башка кызматтардын негизинде тушкөн киреше каражаттарын өзүнчө баланста эсепке алуу менен пайдалануунун өз алдынчалуулугу;